# Орусиялык банкта эсеп

## Банк эсеби эмне үчүн керек

Орусияда банк системасы жакшы өнүккөн. Сиз эмгек ишмердиги үчүн эмгек акысын алуу, ар кандай кызматтардын жана товарлардын акысын төлөө, акча которуу системалары (анын ичинде тез акча которуу системалары) аркылуу акча алуу же бирөөгө жиберүү үчүн банкта эсеп ачтыра аласыз.

Бир нерсе сатып алыш үчүн QR-коддун жардамы менен же банктын мобилдик колдонмосу аркылуу төлөм жүргүзө аласыз.

## Банк эсебин кантип ачыш керек

Ар бир банктын өз эрежелери жана эсеп ачтыруу үчүн керектүү документтердин тизмеси бар. Толугураак маалыматты сиз тандаган банктын бөлүмүнөн ала аласыз.